УДК: 9.94

**Абдыкулова Роза**
Кыргыз-Түрк Манас университети

## ТҮРК ТАРЫХНААМАСЫНДА ОСМОН МАМЛЕКЕТИ МЕНЕН ОРТО АЗИЯ ХАНДЫКТАРЫНЫН БАЙЛАНЫШТАРЫ

**Абдыкулова Роза**
Кыргызско-Турецкий университет Манас

## ОТНОШЕНИЯ ОСМАНСКОГО ГОСУДАРСТВА И СРЕДНЕАЗИАТСКИХ ХАНСТВ В ТЮРКСОЙ ИСТОРИОГРАФИИ

**Abdykulova Rosa**
Kyrgyz-Turkish Manas University

## RELATIONS OF THE OTTOMAN STATE AND THE CENTRAL ASIAN KHANATES IN TURKIC HISTORIOGRAPHY

**Аннотация.** Осмон мамлекети менен Орто Азия хандыктарынын байланыштарын чагылдырган түрк тарыхнаамасын эки топко бөлүп кароого болот. Аталган мамлекеттердин ортосундагы байланыштар Осмон мамлекети доорунда жана Түркия Республикасы мезгилинде жүргүзүлүп келген. Осмон мамлекети доорундагы Орто Азия менен байланыштар тууралуу изилдөөлөр биринчи мезгилде өтө аз кездешет. Ал эми Түркия Республикасы доорунда Ататүрк тарабынан курулган Түрк тарых коому башка тарыхый аспекттерден менен кошо Осмон-Орто Азия байланыштарын изилдөөгө басым жасалып келет. Макалада түрк тарыхнаамасында Осмон-Орто Азия байланыштары кандай чагылдырылган жана кайсы саясий, экономикалык, маданий маселелер каралганы талдоого алынат.

**Негизги сөздөр:** түрк, Осмон мамлекети, Орто Азия, байланыш, тарыхнаама.

**Аннотация.** Османское государство и ханства Средней Азии в турецкой историографии можно рассматривать в двух основных периодах. Взаимоотношения между этими государствами прослеживаются в эпоху Османской империи и в период Турецкой Республики. В османскую эпоху исследования связей со Средней Азией встречаются крайне редко. Однако в период Турецкой Республики Турецкое историческое общество, созданное по инициативе Ататюрка, уделяло особое внимание изучению этих связей наряду с другими историческими аспектами. В статье анализируется, как отражены османо-среднеазиатские отношения в турецкой историографии и какие политические, экономические и культурные вопросы при этом рассматриваются.

**Ключевые слова:** тюрк, Османская империя, Средняя Азия, отношения, историография.

**Annotation.** The relations between the Ottoman state and the khanates of Central Asia in Turkish historiography can be analyzed in two main periods. These relations are traced during the Ottoman Empire and the period of the Republic of Turkey. In the Ottoman era, studies on relations with Central Asia were extremely rare. However, during the Republic of Turkey, the Turkish Historical Society, founded at the initiative of Atatürk, paid special attention to the study of these relations along with other historical aspects. The article analyzes how Ottoman-Central Asian relations are reflected in Turkish historiography and which political, economic, and cultural issues are addressed.

**Keywords:** Turks, Ottoman Empire. Central Asia, relations, historiography

Түрк тарыхнаамасын эки бөлүккө бөлүп кароого болот. Осмон мамлекетинин доорундагы жана Түркия Республикасы мезгилиндеги тарыхнаама. *Осмон мамлекети доорунда* түрк түшүнүгүнөн дагы көп "осмончулук" идеологиясы негизги орунда турган. Мындай көрүнүш ал доорлордогу илимий изилдөөлөрдө даана байкалат. Ошентсе да аталган доордо Осмон мамлекети менен Орто Азиянын байланыштары тууралуу маалымат берген эмгектердин катарына Lütfi Efendi "Tarih-i Lütfi" (1900) аталышындагы эмгеги кирет. Анда осмончулук идеологиясынан айырмаланып,

түркчүлүктү негиз катары карманышканы туурасында маалымат кездешет. Lütfi Efendi нин эмгегинде Орто Азия мусулмандарынын (автор эмгегинде Орто Азия калкын ушундай атаган) Россия империясына каршы ийгиликсиз болушунун себептерин алардын ошол мезгилдеги заманбап курал-жарактарынын жоктугу, душманга каршы даярдыксыздыгы менен ачыктайт [ 1. с. 321].

Осмон мамлекетинин доорунда жазылган Хива хандыгынын Россия империясына каратылышы туурасында маалымат берген эмгек Ali Suavi ге таандык. Ал “Hive” деп аталып, алгач Парижде 1873-жылы “Le Khiva en Mars 1873” аталышы менен жарыяланган. Кийинчерээк Торонтодон кайрадан 1906-жылы басылып чыккан. Ал эми 1977-жылы Түркиядан “Hive Hanlığı Ve Türkistan’da Rus Yayılması” деген ат менен жарыяланган. Эмгекте Хива хандыгы Россия империясына каратылган мезгилде хандыктын Осмон мамлекети менен саясий байланышы болгонуна карабастан султандын бул маселеде жетиштүү өлчөмдө бекем болбогонун билдирет [2. с. 24].

Осмон мамлекетинин дооруна таандык (1299-1923) үчүнчү эмгек Mehmet Emin Efendi тарабынан “İstanbul’dan Orta Asya’ya Seyahat” деп аталат. Аталган эмгек Орто Азия менен Осмон мамлекетинин өз ара байланыштарын чагылдырат. Эмгек бир нече жылдан соң араб арибинен латын арибине өткөрүлүп, басылып чыккан. Автор өзү түркстандык болгонуна карабастан билим алуу үчүн Стамбулга барганын булактардан алынган маалыматтар тастыктап турат. Ал эмгегинде XIX кылымдагы Орто Азияны түндүктөн Россия империясы, чыгыштан Кытай жана түштүктөн Англиянын ортосунда кысылып калган аймак катары берет [3. с. 8-10]. Автор түркмөн Мухаммед Курбан Махдум атындагы сексен жашка чамалаган адамдын оюн эмгегинде көрсөтөт. Ал боюнча Россия империясынан Хива хандыгын куткара турган пайгамбардын өкүлү-Осмон султаны болуп, анын саясий абалдан кабары болгондо жардам беререрин үмүттөнүп жатканын билдирген [3. с. 23]. Орто азиялыктардын, хивалыктардын диний жактан Осмон мамлекетин алда канча жогору коюу менен өздөрүнүн саясий маселесинде пайдалануу үмүтү болгону көрүнүп турат.

*Түркия Республикасында* Орто Азия аймагын да камтыган түрк дүйнөсүнүн тарыхына болгон кызыгуу жана изилдөө иштери Ататүрктүн мезгилинде башталып, 1931-жылы Анкара шаарында Түрк тарых коому түптөлгөн. Анда түрк элдеринин тарыхын изилдөөгө басым жасалган. Анын *Belleten* (Бюллетень) аталышындагы илимий журналында макаланын темасына байланышкан макалалар кездешет. Буга эң жакшы мисал түрк тарыхчысы Halil İnalcık тарабынан жазылган “Osmanlı-Rus Rekabetinin Menşeî ve Don-Volga Kanalı Teşebbüsü (1569)” аттуу илимий макаласында Осмон-Россия теңтайлашуусунун келип чыгышы жана Осмон мамлекетинин Россия империясынын экспансия саясатына каршы Дон-Волга каналын куруу проекти тууралуу маалыматтар камтылат. Автор макаласында XVI кылымдан тарта Россия империясы өзүнө душман катары Осмон мамлекетин жана түрк элдерин көрө баштаганын белгилейт [ 4. 398-б.].

Осмон мамлекети менен Орто Азиянын ортосундагы байланыштарга тарыхчылар тарабынан жеткиликтүү көңүл бурулбай, айрым изилдөөлөр ар бир өлкөнүн алкагында чектелген мүнөздө жана совет идеологиясынын негизинде жүргүзүлгөн. Түркияда болсо бул маселеге байланыштуу изилдөө жүргүзгөндөрдүн эң алдыңкыларына орток түрк тарыхын изилдеген Зеки Велиди Тоган (Валидов), Баймырза Хайит, Акдес Нимет Курат жана Мехмет Сарайлар кирет.

Түркия республикасы мезгилинде Осмон мамлекети менен Орто Азиянын ортосундагы байланыштар тууралуу изилдөөчүлөрдүн катарына Баймырза Хайитти (Baymırza Hayit) кошууга болот. Ал совет доорунда батышта жашаган Өзбекстандын да тарыхчысы катары таанылып келет. “Türkistan Devletlerinin Milli Mücadeleleri Tarihi” (1995) аталышындагы эмгеги XIX-XX кылымдын башындагы Түркстандагы саясий окуялар, айрыкча Россия падышачылыгынын Түркстанды басып алуу саясаты, ага каршы күрөштөр жана көтөрүлүштөргө арналган [5]. Түркстан чөлкөмүнүн саясий тагдыры татаал болгон жылдар тууралуу маалыматтарды камтыйт. Баймырза Хайит (толук аты ал мезгилде Баймырза Махмудов Хайитович) (1917-2006)

түбү намангандык, өз мезгилинде жадид мектебинде билим алган илимпоздордон. Улуу Ата Мекендик согушка катышкандан кийин Германияда жашап калып, Түркстан калкынын саясий тарыхына байланышкан изилдөөлөрдү жүргүзүп, эмгектерди жазган. Анын жогоруда аталган эмгегинен сырткары Түркстан аймагы тууралуу "Türkistan, Rusya ile Çin Arasında" (1975) аталышында да илимий эмгеги бар. Анда Кытай менен Россиянын Түркстанга экспансия саясатын жүргүзгөн мезгилиндеги саясий абал туурасында маалыматтар камтылган. Жогоруда аты аталган эмгегинде Кокондун ханы Омор Россия империясына каршы Акмечит чебин курдуруп, калк арасында зоболосу көтөрүлгөн хан болуу менен бирге мусулмандардын эмири (эмирул муслимин) аталганын берет [6. с. 35]. Аталган эмгек немец тилинен түрк тилине которулган жана мазмуну Эмир Тимур мезгилинен баштап 1924-жылга чейинки мезгилди камтыйт.

Түркчө булактарда көбүнесе Кокон хандыгынын экинчи аталышы катары "Фергана хандыгы" колдонулуп келет. Хайиттин эмгегинде да аталган хандык Фергана хандыгы аталышы менен кездешет [6.с. 32]. Мындай аталыш 1992-жылы табылган "Фергана хандарынын тарыхы" аттуу Магзуниге таандык кол жазманын аталышынан да байкалгандай Кокон хандыгынын аталышы катары Фергана хандыгы сөзү колдонулат [7]. Бул эмгектен Орто Азия элдеринин улуттук боштондук кыймылы туурасында маалыматтарды алууга болот. "Орус падышачылыгына каршы улуттук кыймылдын башталышы" аталышындагы жетинчи бөлүмүндө Анжиян көтөрүлүшү тууралуу маалыматтарды камтыганы менен анда Осмон мамлекетине байланышкан эч бир маалыматты кездештирүүгө болбойт [6.с.191]. Дал ушул сыяктуу эле 1916-жылдагы улуттук боштондук кыймылы туурасында да башкалардан айырмаланып, түрк аскерлери менен байланыштырган бир да маалымат кездешпейт [6.с. 32].

Зеки Велиди Тоган Түркияда жалпы Түркстан аймагынын тарыхын изилдеген тарыхчылардын сап башында турат. Ал (1890–1970) түбү башкыриялык болгонуна карабастан, Түркиядагы таанымал илимпоздордон. Тоган 1913-жылы Ферганада, 1914-жылы Бухарада илимий изилдөөлөр жүргүзгөн. 1925-ж. баштап илимий изилдөө иштерин Түркияда, 1932-ж. баштап Венада уланткан. 1935-1938-жылдары Германиядагы университеттерде Түркстан тарыхына байланышкан сабактарын окуган.

1939-ж. Стамбул университетинде Орток түрк тарыхы кафедрасын ачып, 1970-ж. чейин эмгектенген. Анын Түркстан тарыхына тиешелүү "Bugünkü Türkili Türkistan ve Yakın Tarihi" (Күнүбүздөгү түрк аймагы-Түркстан жана анын жакынкы тарыхы) [8], "Umumi Türk Tarihine Giriş" (Орток түрк тарыхына киришүү) [9] аталышындагы эмгектери бар. Анын "Bugünkü Türkili Türkistan ve Yakın Tarihi" [8] аталышындагы эмгегинде Түркстан аймагынын географиялык, административдик түзүлүшү, XVI кылымга чейинки жана XVI кылымдан кийинки Түркстан, Россия империясы мезгилиндеги Түркстан менен бирге анын маданият тарыхына токтолот. Тагыраак айтканда, жалпысынан Түркстандын эң байыркы мезгилинен баштап 1920-жылга чейинки тарыхын кучагына алат. Мындан улам Түркстан тарыхын изилдөөдө, айрыкча түркчө илимий эмгектердин ичинде анын эмгектеринин ээлеген орду чоң.

Эмгекте XIX кылымда Түркстан хандыктарынын саясий абалы туурасында маалыматтар кездешет [8]. Андан Дукчи ишан көтөрүлүшү менен 1916-жылдагы улуттук-боштондук кыймылы тууралуу маалыматтарды алууга болот. Анын эмгегинде көтөрүлүштү жетектеген Дукчи ишан Одесса-Стамбул багыты менен ажылыкка барып, эки жыл Хижаз аймагында калып, 1871-жылы кайтып келгени айтылат. Дукчи ишан алдыда эки жүз элүүдөй окуучусун Стамбулдан билим алуулары үчүн жиберүүнү самап жүргөн сопу болгон. Буга чейин Стамбулга кеткен жана ал жерде узак убакыттан бери жашап жүргөн анжияндык Садык уулу Абдужалилдин да Дукчи ишан Мадалиге таасири күчтүү болгон [8. с. 332-333]. Эң кызыгы бардык изилдөөлөрдө асыресе совет жана постсовет дооруна таандык тарыхнаамаларда Абдужалил стамбулдук деп берилет. Бирок анын түбү анжияндык экени Тогандын гана эмгегинде кездешет. Экинчи бир көңүлдү бура турган

жагдай Анжиян көтөрүлүшүнө ишандын мюриддерин кошпогондо ачкачылыкта калган калк көтөрүлүп чыккан. Анткени автордун ою боюнча жердин тартыштыгы калктын жакырдыгына алып барган [8. с. 332-333].

Эмгекте экинчи маселе 1916-жылдагы улуттук-боштондук кыймылда Капалдан Кулжага келген беш осмон түркүнүн Шабдан баатырдын уулдары менен жолугушуусу тууралуу маалыматты берет. Автор маалыматты 1924-жылы Түркия республикасында алгачкы чыккан Жумурият гезитинин сандарына жарыяланган Орто Азияга келген осмон беш аскеринин бири болгон Адил Хикмет бейдин эскерүүлөрүнөн алган. Анда алар кыргыздарга кошулуп, чогуу күрөшкөндөрү тууралуу маалыматтар кездешет [8. с. 341].

Zeki Velidi Togan дын "Umumi Türk Tarihine Giriş" аттуу эмгеги болсо эки томдон туруп, түрк элдеринин тарыхын исламды кабыл алганга чейинки жана кабыл алгандан кийинки тарыхы аталышы менен эки доорго бөлүп караган. Бул эмгегинде айрым гана маалыматтар экинчи томунда жайгашкан [9]. Анда ислам дининин түрк элдеринде жайылышында тарикаттардын ролу тууралуу маалыматтар камтылган.

Түркияда Россиянын тарыхы боюнча дасыккан адис катары Akdes Nimet Kurat таанылат. Анын 'Rusya Tarihi Başlangıçtan 1917ye kadar' аталышындагы эмгеги бар. Анда изилдөө ишке байланышкан маалымат онунчу бөлүмүндө Түркстандагы көтөрүлүш аталышында кездешет. Эмгекте Гаспринский, Акчуралардын жайган түркчүлүк, панисламизм агымынан улам Орто Азия калкынын арасында Түркияга карата симпатия артканын белгилейт [10. с. 428].

Түркиянын республикалык доорундагы Түркстан тарыхын изилөөчүлөрүнүн катарына Mehmet Saray ды кошууга болот. Анын "Rus İşgali Devrinde Osmanlı Devleti ile Türkistan Hanlıkları Arasındaki Siyasi Münasebetler (1775-1875)" [11] аталышындагы эмгегинин атынан байкалгандай хронологиялык жактан 1775-1875-жылдарды өз ичине камтыйт. Андагы изилдөөбүзгө байланышкан жыйырма беш жылга таандык маалыматтар гана кездешет. Мындан сырткары жалпы Түркстан аймагынын саясий абалынан жана кээ бир архив документтерден да кабар берет. Автор өзүнүн эмгегинде бир эле Осмон мамлекетинин өкмөттүк архивиндеги материалдардан эмес, Англиядагы архив документтерин да пайдаланган. Ал эмгегинин алгачкы бөлүмүндө Түркстандын географиялык жана саясий абалы, Россия империясынын Орто Азияда жайылуу маселесине токтолгон. Экинчи бөлүмүндө XVIII-XIX кылымдын акыркы чейрегине чейинки мезгилде Осмон мамлекети менен Орто Азия хандыктарынын дипломатиялык байланыштары боюнча маалымат берген. Анда Россия империясынын Түркстанды каратып алуу процессинде Осмон мамлекети менен Орто Азиянын байланыштары тууралуу маселелерди камтыган. Автор Орто Азиядагы хандыктар туурасында берген пикиринде Түркстан аймагынын үч хандыкка бөлүнүп кетиши алардын күчтүү болушуна тоскоол болгонун, өз ара теңтайлашууларынан улам 1800-жылдардан тарта алардан Осмон мамлекетине келген элчилер жана каттардын саны артканы тууралуу маалымат берет [11.с.13].

Осмон мамлекети менен Орто Азия хандыктарынын ортосундагы дипломатиялык байланыштарда дагы көбүрөөк Бухара эмирлиги менен тыгыз байланыш болгонун, анын себептери катары кийинки тарых сахнасына чыккан эки хандыктын Бухара эмирлигинен бөлүнүп чыкканын (Кокон жана Кашгар тууралуу сөз болуп жатат) жана байланыштын башаты XVI кылымда башталып, Бухара хандыгы өзбек хандыгынын уландысы катары каралып келгендигинде жатканын көрсөтөт. [11. с.17]. Осмон мамлекетиндеги мындай түшүнүк анын Орто Азия хандыктары менен кийинки байланыштарына өз таасирин тийгизип келген.

Кокон хандыгынан Осмон мамлекетине эң алгачкы элчи Омор хандын мезгилинде барган. Элчи расмий катсыз оозеки түрдө хандын тапшырмасын аткарган. Осмон мамлекетинин султанын ислам дүйнөсүнүн мураскору катары көрүүсү менен биргеликте өзүнүн душмандарына каршы султандан туу жана кылыч сураган. Автордун оюна караганда Кокон хандыгынын султандык бийлик менен байланышы тыгыз болгонуна

карабастан Осмон мамлекети өз ара байланышында Бухарага маани берип, Хива жана Кокон хандыгын анын карамагынан чыккан хандыктар катары карап келген [11.c.37].

Мехмет Сарайдын берген маалыматына караганда Омордун уулу Мадали хан (1822-1842) бийликке келген соң Осмон мамлекети жана Чыгыш Түркстан менен байланышын күчөткөн [11.c.45]. Осмон мамлекетине Орто Азиядан барган элчилер ич ара болуп жаткан маселелерин эмнегедир баяндашкан эмес. Дагы көбүрөөк Россия жана Кытай менен болгон маселелерин айтышкан [11.c.46]. Мехмет Сарайдын эмгегинен Осмон мамлекетине Мадали хандын тушунда 1837-жылы элчи барганынан кабарлайт [11.c.46]. Кудаяр хан (1846-1858) мезгилинде Ажы Рузи аталышындагы элчи Осмон мамлекетине хандан перс тилинде жазылган катты алып барганы тууралуу маалымат берилет. Эмгекте хан Фергана аймагындагы асыл таштарды алуу үчүн (алтын, күмүш, якут, бирюза, калай) эки же үч адистин жиберилишин суранган. Аталган элчи Стамбулда бир жылдай калып, андан кийин ажылык сапарын карыткан соң Кокон хандыгына кайра тартканын билдирет [11.c.52].

Кокон ханы Сейид Султан хан төрө Осмон мамлекетинен жардам сурап, Сейид Якуп аттуу элчисин 1865-жылы жиберген. Анда Россия менен Бухаранын Коконго жасаган саясатынан улам жардам сурап кайрылган. Бирок Осмон мамлекетинин алыстыгы жана өзүнүн абалынын оордугунан улам жардам берүүнүн мүмкүн эместиги, хандыктардын бири-бири менен өз ара чыр-чатактарынын ордуна биригүүгө чакырганы тууралуу баяндалат [11.c.68]. Дал ушул сыяктуу саясий байланышка Бухара-Осмон алакаларынан мисал келтирүүгө болот. Россия империясы Бухара эмирлигин карамагына каратып алган соң 1871-жылы Осмон мамлекетине элчисин саясий жардам сурап жиберген. Анда империяга каршы жардам суроонун мазмуну төмөнкүчө болгон. Султандан аскердик билимди окуткан жана замбирек сымал курал-жарактарды үйрөткөн мугалимдерди жиберүүсү; асыл таштарды чыгаруу үчүн адистерди жиберүүсү; кээ бир учурда чектешкен мамлекеттердин Бухарага жардам берүүсүнө үгүттөгөн бир расмий жазуу жиберүүсү; Бухарага султандан келе турган элчилердин Бухарадагы адамдарга багыт бере ала турган жана аларды биримдикке чакыра турган адам болуусу [11.c.89]. Россия империясынын экспансия саясаты учурундагы абалды хандыктардын биригип, бир мамлекет болуунун ордуна үч-төрт чакан мамлекет абалында болушу аталган аймактарды басып алууну алда канча жеңилдеткен [11.c.112].

Осмон мамлекетинин архивиндеги аталган мамлекет менен Орто Азия-нын байланышы тууралуу архив до-кументтери 1992-жылы жана 2004-жылы транскрипциялары менен кошо эмгек [ 12, 119] болуп жарыяланып чыккандан кийин Түркия илим дүйнөсүндө архив документтердин тегерегинде илимий изилдөөлөр арбын жүргүзүлүп келет. Abdülkadir Macit тарабынан жазылган “Osmanlı Devleti ile Hokand Hanlığı Münasebetleri” аталышындагы [13 .c.67-81] макаласында эки мамлекеттин ортосундагы байланыштар тууралуу маалыматтарды берет. Анда Кокон хандыгы түркчө булактардагы экинчи аталышы Фергана хандыгы деген ат менен берилген. Мындай аталыш изилдөөчү Б. Хайиттин эмгегинде жана Магзуниге таандык кол жазмада да кездешет.

Abdülkadir Macit “Başbakanlık Osmanlı Arşivi Belgeleri Işığında XIX. Yüzyıl Osmanlı-Hokand Hanlığı Münasebetleri” аталышында магистратурада илимий ишин жактаган. Ал өзүнүн эмгегинде Орто Азия-Осмон байланышы боюнча изилдеген түркиялык илимпоздорго төртөөнү-Тоган, Хайит, Курат жана Сарайды кошот [13].

Түркияда эки миңинчи жылдардан бери карай илимий эмгектердин жана илимий макалалардын катарына Erhan Yoskanын эмгектери кирет. Анын “Muhammed Ali Han Dönemi (1822-1842) Hokand Hanlığı-Osmanlı Devlet İlişkileri” [14] аталышындагы макаласында жогоруда Macit тин пикирине шайкеш келген көрүнүштү байкоого болот.

Орто Азия менен Осмон мамлекетинин ортосундагы диний байланыштар тууралуу маалымат берген илимий макалаларга Mustafa Tanrıverdi ни кошууга болот. Анын “Buhara’dan Hicaz’a Hac Yolculuğunda Hacıların Kültürel Temasları (XIX.

Yüzyıl)" [15] аталышындагы макаласы кирет. Анын берген маалыматы боюнча 1880-жылдан баштап Россия империясынан болжол менен он миң адам Кара-Денизден Стамбулга ажылык сапарга чыккан [15.с. 72] жана ажылык сапарлар Осмон мамлекетинин коомчулугу менен аз убакыт болсо да байланышуусуна шарт түзүлгөн [15.с. 78].

Анжиян көтөрүлүшү тууралуу түрк тилинде жарыяланган илимий макалалардын катарына Ebubekir Güngör кирет. Анын "1898 Fergana Olayları ve II. Abdulhamid Han" аталышындагы макаласында Анжиян көтөрүлүшүн жетектеген Дукчи ишан Накшибенди тарикатынын ишаны болгонунан кабарлайт [16.с.499]. Көтөрүлүш тууралуу Россия империясынын көз карашын берип, көтөрүлүштүн себеби панисламизм болгонун жазат [16.с.499]. Көтөрүлүштүн жетекчилери тууралуу К. Усенбаевдин эмгегинде Миң Төбөдөн Анжиянга карай эки топ, бирин Дукчи Ишан, экинчисин анын ишенимдүү адамы Зиябидин Максум жетектегенин жазат [17.с.117]. Көтөрүлүшчүлөр жазалоо отряды тарабынан кармалып, жазаланган соң, Миң-Төбө аймагындагы калк кыйроого учураган. Атүгүл аймактын аты да толугу менен тарых сахнасынан чыгып, Мархамат аталышы менен өзгөртүлгөнү тууралуу Atabek uulu Fazılbek тин эмгегинде маалыматтар кездешет [18.с.12].

Орто Азия менен Осмон мамлекетинин маданий алакаларында султандык бийликтен Орто Азияга китептер келгени тууралуу маалыматтар Fatma Özaba нын "Arşiv Belgeleri Işığında Osmanlı Devleti ve Buhara Emirliği Arasındaki Hediyeleşme" аталышындагы Осмон мамлекетинен Бухарага жиберилген 35 даана китеп негизинен ислам динине байланышкан китептер болгон [19.с.206]. Орто Азиядан Мекеге ажылык сапарга аттангандардын жол багыты тууралуу маалыматты Mustafa Güler дин "XIX. Asırdan Gününümüze Kırgızistan'da Hac Olgusu ve Osmanlı Devleti'nin Bölge Hacılarına Yaklaşımı" аттуу илимий макаласынан алууга болот. Анда XIX кылымдан баштап кокондук элчилер, илим адамдары жана калктын ичинен ажылык сапарга аттангандар Кавказдын түндүгүнөн Кара-Деңиз порттору аркылуу Трабзонго андан Стамбулга келишкен. Андан ары кербен аркылуу Меккеге аттанышкан [20.с.11].

Анжиян көтөрүлүшү тууралуу маалымат берген түрк тилинде жазылган эмгек Sebahattin Şimşir ге таандык. Анын "Dünden Bugüne Türkistan'da Türkler" аталышындагы эмгегинде 1898-жылдагы Анжиян көтөрүлүшүндө Осмон мамлекетинен жазуу алганын төгүнгө чыгарып, ошол мезгилде көтөрүлүштү жетектеген Дукчи ишанга жергиликтүү төбөлдөр жазуунун чыныгы султандан келген жазуу экенин айтып, ишендире алышканынан кабарлайт [21.с. 220]. Бирок орус булактарында Абдужалил атындагы Стамбулдан келген киши Кашгардан келип, түрк султанынан кат менен чапан бергени тууралуу маалымат кездешет.

Жыйынтык. Осмон мамлекети мезгилиндеги тарыхнаамаларда Орто Азия аймагы түндүктөн Россия, чыгыштан Кытай, түштүктөн Англиянын кысымында калган аймак катары сүрөттөлөт. Россия империясы Орто Азия аймагын караткан мезгилде Осмон мамлекети аларга жетиштүү байланыш түзө албаган эң оор мезгил, кулап бара жаткан жана батыш дүйнөсүндөгү изилдөөлөрдө "оорукчан адам" (Sick man) сымал сыпатталган өлкө болгон. Ага карабастан байланыштар бир нече үзгүлтүккө учуроо менен ишке ашып келген.

**Адабияттар:**


1. Lütfi Efendi. Tarihi Lütfi. -İstanbul,1900. –150 c.
2. Ali, Suâvî. Hive. – Toronto, 1908. –138 c.
3. Mehmet Emin Efendi. İstanbul'dan Orta Asya'ya Seyahat. —Ankara, 1986. —157 c.
4. Halil, İnalcık. Osmanlı-Rus Rekabetinin Menşeî ve Don-Volga Kanalı Teşebbüsü (1569). TTK Belleten. C. XII. S. 46. Nisan-Ankara, 1948, —S. 349-402.
5. Baymirza, Hayit. Türkistan Devletlerinin Milli Mücadeleleri Tarihi. Ankara:TTK—1995. —448 c.

6. Baymirza, Hayit. Türkistan Rusya ile Çin Arasında. Otağ yayınları. —1975. —437 c.
7. Магзуни. Фергана хандарынын тарыхы. —Бишкек, 2007. —274 б.
8. Zeki Velidî Togan. Bugünkü Türkili Türkistan ve Yakın Tarihi. Enderun Kitabevi, 2. Baskı, —Ankara, 1981. —709 c.
9. Zeki Velidî Togan. Umumi Türk Tarihine Giriş. Enderun Kitabevi, —İstanbul, 1980. —487 c.
10. Akdes Nimet, Kurat. Rusya Tarihi Başlangıçtan 1917ye kadar. 2. Baskı —Ankara, 1987. —537 c.
11. Mehmet Saray. Rus İşgali Devrinde Osmanlı Devleti ile Türkistan Hanlıkları Arasındaki Siyasi Münesebetler (1775-1875). —TTK., —Ankara, 1994. —160 c.
12. Belgelerle Osmanlı-Türkistan İlişkileri (XVI.-XX. Yüzyıllar). Başbakanlık Devlet Arşivleri Genel Müdürlüğü. Osmanlı Arşivi Daire Başkanlığı. Yayın.—Ankara, 2004. —№70. —277 c.
13. Abdülkadir, Macit. Osmanlı Devleti ile Hokand Hanlığı Münasebetleri. İLEM: Yıllık. yıl 4, sayı 4, —2009. —S. 67-81.
14. Erhan, Yoska. Muhammed Ali Han Dönemi (1822-1842) Hokand Hanlığı-Osmanlı Devlet İlişkileri. History Studies. Volume. 3/3. —2011. —S. 395-407.
15. Mustafa Tanrıverdi. Buhara'dan Hicaz'a Hac Yolculuğunda Hacıların Kültürel Temasları (XIX. Yüzyıl). Avrasya İncelemeleri Dergisi, 12, 1. —2023. —S. 69-79.
16. Ebubekir, Güngör. 1898 Fergana Olayları ve II. Abdulhamid Han. Manas Sosyal Araştırmalar Dergisi. —2018. cilt 7. sayı 2. —S. 499-516.
17. Усенбаев, К.У. Присоединение Южной Киргизии к России. — Фрунзе, 1960. —191 c.
18. Atabek uulu Fazılbek. Dukçi İşan Vakası. Ferganada Istibdad Cellatlari. Fazılbek Atabek uulu. —Bishkek, 2010.
19. Fatma, Özaba. Arşiv Belgeleri Işığında Osmanlı Devleti ve Buhara Emirliği Arasındaki Hediyeleşme. —Ankara Anadolu ve Rumeli Araştırmaları Dergisi. 2020. 1 (1). —S. 197-215.
20. Mustafa Güler. XIX. Asırdan Gününümüze Kırgızistan'da Hac Olgusu ve Osmanlı Devleti'nin Bölge Hacılarına Yaklaşımı. Afyon Kocatepe Üniversitesi Sosyal Bilimler Dergisi. —2016. cilt 18. —sayı 1. —S. 1-16.
21. Sebahattin Şimşir. Dünden Bugüne Türkistan'da Türkler. —İstanbul, 2009. —415 c.